**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2015-жылдын 29 – майындагы № 24-о «Жаран Аманова Гулиза Алишеровнанын өкүлү Джапаркулов Самат Тургунбековичтин кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» аныктамасына жаран Аманова Гулиза Алишеровнанын өкүлү Джапаркулов Самат Тургунбековичтин даттануусун кароодон баш тартуу жөнүндө

**ТОКТОМУ**

2015-жылдын 1-сентябры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы курамында: төрагалык кылуучу - судья Э.Т. Мамыров, судьялар К. Абдиев, Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, К.М. Киргизбаев, А.О. Нарынбекова, Э.Ж. Осконбаев, Ч.О. Осмонова, Ж.И. Саалаев, соттук отурумдун катчысы М.Э. Толобалдиевдин катышуусунда, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 28-беренесенин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, соттук отурумда жаран Аманова Гулиза Алишеровнанын өкүлү Джапаркулов Самат Тургунбековичтин Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2015-жылдын 29-майындагы № 24-о аныктамасына карата даттануусун карап,

төмөнкүлөрдү

**ТАПТЫ:**

Жаран Г.А. Аманованын өкүлү С.Т. Джапаркулов 2015-жылдын 23-апрелинде Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына «Кыргыз Республикасындагы бейтарап соттор жөнүндө» мыйзамын Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесине карама-каршы келет деп таап берүү өтүнүчү менен кайрылган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы өзүнүн аныктамасында төмөнкүлөрдү белгилеген. Г.А. Аманова менен «Центр-Кредит-Бизнес» микрокредиттик агенттигинин ортосунда 2010-жылдын 9-августунда №554 насыя келишими түзүлгөн.

Арыздануучу аталган келишимдин шарттары менен макул болбой Бишкек шаарынын райондор аралык сотуна арыз менен кайрылган. Аталган райондор аралык сот Г.А. Аманованын арызын кабыл албай, берилген арыз Кыргыз Республикасынын Соода-өнөр жай палатасынын алдындагы Эл аралык бейтарап сотуна (мындан ары –Эл аралык бейтарап соту) караштуулугун билдирген.

2013-жылдын 12-августунда «Центр-Кредит-Бизнес» микрокредиттик агенттигинин арызы боюнча Эл аралык бейтарап сотунун чичими менен Г.А. Амановадан 1 356 105 сом насыя карызы өндүрүлгөн. Күрөөдө турган Бишкек шаарынын Ак-Ордо конушундагы №4/280 жер тилкеси жана андагы Г.А. Аманованын салынып жаткан турак-жайы тоорукка (аукционго) койюлуп сатылуусу каралып, Эл аралык бейтарап сотунун чичими акыркы болуп эсептелери жана даттанууга болбостугу көрсөтүлгөн.

Ошонун негизинде, арыздануучу Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасындагы бейтарап соттор жөнүндө» мыйзамы Кыргыз

Республикасынын Конституциясынын 20-беренесине карама-каршы келет деп эсептейт.

Г.А. Аманова өз өтүнүчүндө аталган мыйзам аны Кыргыз Республикасынын Конституциясында бекитилген жергиликтүү сотторго жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна кайрылуу аркылуу соттук коргонуу укугунан ажыраткандыгын билдирген.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судъялар коллегиясы жаран Г.А. Амановангын өкүлү С.Т. Джапаркуловдун кайрылуусун карап чыгып, аталган кайрылууда талашып жаткан мыйзам тууралуу так укуктук негиздемелер келтирилбегендигин, мызамдын кайсы ченемдери талаш туудургандыгы такталбагандыгын, арызданууучу өзүнүн кайрылуусунда конституциялуулугу талашылып жаткан мыйзамдын кээбир гана ченемдик жоболору Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык эместигине негиздеме келтиргендигин белгилеп, аны өндүрүшкө кабыл алуудан баш тарткан.

Жаран Г.А. Амановангын өкүлү С.Т. Джапаркулов Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясы кабыл алган аныктамасы менен макул болбогондугун билдирип, 2015-жылдын 8-июлунда Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына даттануу менен кайрылган.

Кайрылуучу даттануусунда 2015-жылдын 23-апрелиндеги өтүнүчүндө көрсөтүлгөн маселелерди кайрадан кайталап, Эл аралык бейтарап сотунун чичими менен макул болбогондугун жана Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасындагы бейтарап соттор жөнүндө» мыйзамы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесине карама-каршы келет деп билдирген.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы даттануунун жүйөлөрүн изилдеп чыгып, даттанууну канааттандырууга жана өтүнүчтү өндүрүшкө кабыл алууга негиз тапкан жок.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы, Кыргыз Республикасынын Конституциянын 97-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, конституциялык контролдоону жүзөгө ашыруучу орган болуп саналат. Ушул эле берененин 7-бөлүгүнө ылайык Кыргыз Республикасынын Конституциясы тарабынан таанылган укуктар жана эркиндиктер, мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар тарабынан бузулуп жатат деп эсептелсе, ар бир адам алардын конституциялуулугун талашууга укуктуу.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 28-беренесинин талаптарына ылайык, судьялар коллегиясы кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуу маселесин чечүүдө, баарынан мурда, кайрылуунун мазмуну жана таризи мыйзамдын талаптарына ылайык келүүсүн аныктайт. Тактап айткапда, атапган конституциялык мыйзамдын 25-беренесинде кайрылууга коюлуучу жалпы талаптарды бекитилген. Аталган берененин 8, 9-пункттарына ылайык кайрылууда конкреттүү, конституциялык мыйзамда көрсөтүлгөн кайрылууну кароо негиздери; кайрылуучунун коюлган маселе боюнча көз карашы жана аны Кыргыз Республикасынын Конституциянын ченемдерине шилтеме менен укуктук негиздемеси көрсөтүлүүгө тийиш. Бул, конституциялуулугун талашып жаткан ченем тууралуу кайрылуучунун күмөн саноосу объективдуу негиздемелер менен бекемделиши жана так айкындалышы керек экендигин билдирет.

Кайрылуучу Г.А. Аманова конституциялуулугун талашып жаткан мыйзам боюнса так укуктук негиздемелерди келтирген эмес, кайрылууда күмөн туудурган ченемдерди конкреттуу түрдө көрсөтпөгөн.

Жогорулардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамынын 28-беренесинин 5-бөлүгүн, 46, 47, 48, 51-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Конституциялык палатасы

**Т О К Т О М  К Ы Л А Т:**

1. Жаран Г.А. Амановanын өкүлү С.Т. Джапаркуловдун Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын 2015-жылдын 29 – майындагы № 24-о аныктамасына келтирилген даттануусу канаттандыруусуз калтырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын токтому акыркы жана даттанууга жатпайт.

3. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын токтому кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ**